DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Асилбек уулу Б.*

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫ: ИЧКИЛИК УРУУЛАРЫНЫН НЕГИЗИН ТҮЗГӨН КЫПЧАК УРУУСУ

*Асилбек уулу Б.*

## ЭТНИЧЕСКАЯ ИСТОРИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА: ПЛЕМЯ КЫПЧАК КАК ОСНОВА ПЛЕМЁН ИЧКИЛИК

*Asilbek uulu B.*

## THNIC HISTORY OF THE KYRGYZ PEOPLE: THE KIPCHAK TRIBE AS THE BASIS OF THE ICHKILIK TRIBES

*УДК: 947.1.088(575.2) (043.3)*

*Кыпчактар тууралуу алгачкы маалыматтар кытай баяндарында белгилүү. “Вей” династиясынын жыл баяны б.з.ч. III кылымда хуннулардын түндүгүндө Koutche, Kikkhum Sinri боюнча (Кюеше Гегунь жана Цайли) деген өлкөлөр жайгашкандыгын айтат. Ошондой эле Сыма Цзяндын “Тарыхый каттар” деген эмгегинин 110 бөлүмүндө Моде шаньюй түндүктө (б.з.ч. 201-ж.) багынткан өлкөлөрдүн катарында «цюйше» да эскерилет. Ал эми “цюйшени” Н.А.Аристов “кушы”, “кущу” же “кучук” деп окуп, аны кыргыздын сол канатындагы кушчу уруусу менен байланыштырат. С.Г. Кляшторный С.Е. Яхонтовдун консультациясынан кийин “кюше” же “цюйше” кыпчак деп окулбай тургандыгын аныктаган. Кытай жыл баяны боюнча “Бейшинин” 99 бөлүмү. Алтайдын батыш тарабында “теле” тобунун курамына кирген урууларды санайт. “Кан мамлекетинин түндүк жагында Анде дарыясынын боюнда хэдэ, хэцзэ, боху, бичан, чжуй-хай, хэбески, хэца, суба, емо, хэда аттуу уруулар түзөт, сан жагынан үч түмөндү, башкача айтканда 30000 миң аскери бар. “Кытай түркологу Цэн Чжунмяк аталган урууларды хуннулардын урпактары деп айткан. Ошондой эле Елюй-Чу-цай кыпчактарды “кафчу” деп жазат. Ал эми (XIIIк.) кытай булактарында “кыпчак” этноними Юань-чао-пи-шиде “кибча”, Юань-шиде жана Кан-муда (kincha) “кинча” же (kintcha) орус котормосунда “циньча” (кыпчак) деп билдирет. Француз королу Людовик IX монголдорго жиберген элчиси Вильгелим Рубрук кыпчак этнонимин “кыпчат” (kaptschat) формасында жазган. XVII кылымдагы орус булагы - “Ярослав Спас чиркөөсүнүн тарыхый актыларына” кыпчактар “кипчаги” деген ат менен түшкөн.*

***Негизги сөздөр**: кыпчак, маалымат, этноним, курамы, урук, тарыхчы, жуурулушкан.*

*Первые сведения о кыпчаках известны в китайских легендах. Хроники династии Вэй В III веке гунны были известны на севере как Koutche, Kikkhum Sinri (Куэше Гэгун и Цайли). В главе 110 «Исторических писем Сыма Цзяна» Куйше также упоминается как одна из стран, завоевавших Модэ Шаньюй на севере (201 г. до н.э.). Н.А. Аристов читает «кушы» как «кущу» или «кучук» и связывает его с племенем кущу на левом крыле кыргызов. Посоветовавшись с С.Е. Яхонтовым, С.Г. Кляшторный определил, что «кюше» или «цюйше» нельзя читать как кыпчакское. Глава 99 китайской хроники рая. В западной части Алтая насчитывается племена, входящие в группу Теле. «В северной части государства Кан, по реке Анде, находятся племена хэдэ, хетце, боху, бичан, жуй-хай, хэбески, хеца, суба, эмо и хэда, насчитывающие три тысячи, или 30000 воинов. «Китайский тюрколог Цэн Чжунмяк описал эти племена как потомков хуннов. Елюй-Чу-Цай также пишет, что кыпчаки-«кафчу». В китайских источниках (XIII век) этноним «кипчак» означает «кибча» в Юань-чао-пи-шидэ, «кинча» в юань-шидэ и кан-муда (kincha) или «кинча» (kintcha) в русском переводе. Посол французского короля Людовика IX к монголам Вильгельм Рубрук записал этноним кыпчаков в форме «кыпчат» (kaptschat). В русском источнике XVII века «Исторические акты церкви Ярослава Спаса» кыпчаки упоминаются как «кипчаки».*

***Ключевые слова:** кыпчак, информация, этноним, состав, племя, историк, интегрированный.*

*The article provides information about the origin The first information about the Kypchaks is known in Chinese legends. Chronicles of the Wei Dynasty In the 3rd century, the Huns were known in the north as Koutche, Kikkhum Sinri (Kueshe Gegun and Tsayli). Chapter 110 of Sima Jiang's Historical Writings also mentions Kuishe as one of the countries that conquered the Mode Shanyu in the north (201 BC) ON THE. Aristov reads "kushy" as "kushu" or "kuchuk" and associates it with the Kushu tribe on the left wing of the Kyrgyz After consulting with S.E. Yakhontov, S.G. Klyashtorny determined that "kyushe" or "tsuishe" cannot be read as Kypchak Chapter 99 of the Chinese Chronicle of Paradise. In the western part of Altai there are tribes belonging to the Tele group. “In the northern part of the state of Kan, along the Ande River, there are tribes of Hede, Hetse, Bohu, Bichan, Rui-hai, Hebeski, Hetsa, Suba, Emo and Heda, numbering three thousand, or 30000 warriors. “The Chinese Turkologist Tsen Zhongmyak described these tribes as descendants of the Huns Yelü-Chu-Tsai also writes that the Kypchaks are “kafcha”. In Chinese sources (XIII century), the ethnonym "Kipchak" means "kibcha" in Yuan-chao-pi-shide, "kincha" in Yuan-shide and kan-muda (kincha) or "kincha" (kintcha) in Russian translation. The ambassador of the French king Louis IX to the Mongols, Wilhelm Rubruck, wrote down the ethnonym of the Kypchaks in the form "kypchat" (kaptschat). In the Russian source of the 17th century "Historical Acts of the Church of Yaroslav the Spas", the Kipchaks are referred to as "Kipchaks"*

***Key words:** Kypchak, information, ethnonym, composition, tribe, historian, integrated.*

«Кыпчак» этнониминин астында ар түдүү тарыхый кырдаалдар да жана ар башка гегографиялык аймактар да бири-биринен этникалык айырмаланган урук-уруулардын топтору болушкан.

«Кыпчак» этноними Кыргызстандын тарыхында, өзгөчө кыргыз элинин калыптанышында маданиятында да, каада-салт, үрп-адатын, саясий жана стратегиялык, жашоо образынын мааниси - изилдөөнүн максатын түздү.

Кыпчактар тууралуу алгачкы маалыматтар кытай жыл баяндарынан белгилүү. «Вей» династиясынын жыл баяны б. з. ч. III кылымда хуннулардын түндүгүндө Koutche, Kikkhun и Sinri (Иакинф боюнча Кюеше, Гэгунь жана Цайли) деген өлкөлөр жайгаш-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кандыгын айтат [1]. Ошондой эле Сыма Цзяндын «Тарыхый каттар» деген эмгегинин 110 бөлүмүндө Моде шаньюй түндүктө (б.з.ч. 201-ж.) багынткан өлкөлөрдүн катарында «цюйше» да эскерилет. Бул жерде «кюешени» Б. Карлгрен жана А.Н. Бернштам «кыйчак» деп окуп, аталган сөздү «кыпчак» этнониминин байыркы аталышы деген [2]. А.Н. Бернштамдын бул гипотезасына каршы совет-орус тарыхчысы И.Г. Добродомов чыгат, ал мындай дейт: «Бул гипотеза реконструкцияланып жаткан этнонимге жарым жартылай окшоштукка негизделип, хронологиялык жактан ишендире албай аксайт, себеби кыпчак этнониминин биринчи аталышы менен кийинки аталышына чейин абдан узак убакыт өткөн» - деп өзүнүн каршылыгын келтирет.

Ал эми “цюйшени” Н.А. Аристов “кушы”, “кущу” же “кучук” деп окуп, аны кыргыздын сол канатындагы кушчу уруусу менен байланыштырат [3]. С.Г. Кляшторный С.Е. Яхонтовдун консультациясынан кийин “кюше” же “цюйше” кыпчак деп окулбай тургандыгын аныктагандыгы тууралуу маалымат берет.

Кыпчак этнонимин Г.И. Рамстедт 1909-жылы тапкан, VIII кылымдын экинчи жарымында уйгур каганы Моюн-чорого (Баян-чоро) арналган эстелик ташта, башкача айткан, “Селенге ташында”, “түрк-кыпчак” формасында жазылган. Бул жазуу С.Е. Маловдун “Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии” деген китебинде өзгөрүүсүз кабыл алынган. [4] Г.И. Рамстедттин кыпчак этнониминин аталган таштагы реконструкциясын В.В.Бартольд, П.Пелье жана В.Ф.Минорскийлер колдошкон жок, алар өздөрүнүн “кыпчактар” жөнүндө эмгектеринде Ибн Хордарбек (IX) түрк урууларынын тизмесинде биринчи болуп “кыпчак” этнонимин эскерген деп жазышат. Кийинчээрек кээ бир тарыхчылар Г.И. Рамстедттин бул реконструкциясын кабыл алышкан.

С.Г. Кляшторныйдын билдиргенине караганда, азыркы убакта Г.И. Рамстедттин эстампажесинде жана сүрөтөрүндө кыбчак сөзүнүн “ч” жана “к” тамгалары, ал эми түрк сөзүнүн - тур деген гана бөлүгү көрүнөт [5].

Кыпчак этнонимин «qyvcaq ~ qybcaq» байыркы түрк эстеликтеринде жана байыкы түрк тилинде “жолу болбогон”, “кара жолтой”, “шордуу”, “бактысыз” деген бир нече маанилерди берет. Ошондой эле “qyvcaq ~ qybcaq” –“qyvcaq – qovy” “бош”, “ээн”, “эч нерсеге жарабаган” деген маанини берет, ушул келтирилген сөздөрдүн негизинде “түрк-кыпчактар бизди элүү жыл башкарышты” деген сүйлөмдү “эч нерсеге жарабаган түрктөр бизди элүү жыл башкарышты”- деп которуп, бул жерде “кыпчак” этноними жөнүндө сөз болгон жок дейт [6]. Кляшторныйдын бул оюн Д.Г. Савинов, Ю.А. Зуев жана кыргыз орус таанучусу Ю. Худяков колдошкон. Ошондой эле “Кыпчак” этноними “qipcaq” 1.“бош”, “ээн талаа” 2. “көңдөй дарак” 3.“ачуулуу”, каардуу” деген маанилерди да берет.

Кытай жыл баяны боюнча “Бейшинин” 99 бөлүмү. Алтайдын батыш тарабында “теле” тобунун курамына кирген урууларды санайт. “Кан мамлекетинин түндүк жагында Анде дарыясынын боюнда *хэдэ, хэцзэ, боху, бичан, чжуй-хай, хэбески, хэца, суба, емо, хэда* аттуу уруулар түзөт, сан жагынан үч түмөндү, башкача айтканда 30000 миң аскери бар. “Кытай түркологу Цэн Чжунмяк аталган урууларды хуннулардын урпактары деп айткан [7].

Бул жердеги акыркы иероглифи (мүчөсү) “си” кантон диалектисинде “сик” деп окулат. Хэбеси “хэбесик” болуп окулуп, “хэбесик” – кыпчак деген сөздү түшүндүрөт. Демек VIII кылымдарда кыпчак уруусу кытай булактарына “кыпчак” этноними “хэбеси” деген кытай аталышы менен кирген деп казак-совет окумуштуусу С.М. Ахинжанов жазган [9].

Ал эми араб-перс-түрк тилдүү булактарында Ибн-Хорададбек (IX к.), “Худуу-ал-алем” (X к.), Бейхани (XI к), Гардизи (XII к.), Махмуд Кашкари (XI к.), Ахмед-ат-Туси (XII к.), Ибн-ал-Асри (XIII к.) жана Рашид-ад-Динде (XIV к.) “кыпчак этноними кипчак, кафчак, хифчак, хифшак, кыфчак формаларында кездешет [10].

Ошондой эле Елюй-Чу-цай кыпчактарды “кафчу” деп жазат. Ал эми (XIIIк.) кытай булактарында “кыпчак” этноними Юань-чао-пи-шиде “кибча”, Юань-шиде жана Кан-муда (kincha) “кинча” же (kintcha) орус котормосунда “циньча” (кыпчак) деп билдирет.

Француз королу Людовик IX монголдорго жиберген элчиси Вильгелим Рубрук кыпчак этнонимин “кыпчат” (kaptschat) формасында жазган.

А.Абдрахманов “кыпчак” этнониминин төмөндөгүдөй бир канча: кыпшак, кыбшак, кубшак, куб(а)шак, куба (сары, ак саргыл) шак кичирейтип көрсөтүүчү маанисиндңги этимологиясын берген.

Г.В. Костачков кыпчак этнонимин кып(кый) жана чик деп экиге бөлүп, анын биричи бөлүгүн энисей-кет уруусу киби-кыба (аюу) төөлөс конфедерациясына кирген **киби** уруусу менен байланыштырат. Ал эми анын экинчи бөлүгүн орто кылымдардагы атактуу **“чик”** уруусу менен байланыштырат. Чик этноними кет тилинде “чик” деген “куу” деген маанини билдирген “кыпча” этноними (аюу) жана (куу) деген түшүнүктү берип энисей-кет урууларынын кошулуусунан келип чыккан уруу деп эсептейт.

Ошондой эле “кыпчак” этнониминин аталышын “сары”, “половец”, “куман” деген этнонимдер менен айкалышып келет.

Кыпчак этноними алтай, башкыр, венгр, казак, каракалпак, ногой, түркмөн элдеринин курамында кеңири таралган.

Алтайлыктардын курамындагы кыпчактардын келип чыгышын алтайлык уламыштарда “бөрү” (ка-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рышкыр) менен байланыштырышат. Алтайлык уламыштарына таянсак кыпчак бала ургачы карышкыр менен жашайт жана экөөнүн 15 баласы болгон деген ойлор айтылып келет. Аларды төмөндөгүчө атап келишет "монгол-кыпчак, тумат-кыпчак, казак-кыпчак, тарга-кыпчак, барс-кыпчак, таади-кыпчак, сары-кыпчак, ак-кыпчак, кара-кыпчак, сурас-кыпчак, кутус-кыпчак" алтайлык кыпчак уруктары тарайт деген. "Алардын мүнөздөрүн бөрүдөй катуу, жүзү жана чачтары сары, көздөрү кызыл" деп мүнөздөмө берип келишет. Алтайлык кыпчактарды Алтайдагы "мундуз" жана "төөлөс" уруулары менен бир тууган деп саналып, алардын ортосунда никеге турууга тыюу салынат. Ошондой эле Анжияндык кыпчактар аялдын төрөтүн жеңилдетиш үчүн, төрөп жаткан аялга кургатылган бөрүнүн жүрөгүнөн бир үзүм беришкен.

Башкырлардын курамындагы кыпчактар Р.Г. Кузеев

1. Кара-кыпчак (карий-кыпчак)
2. Герей-кыпчак, карагай-кыпчак
3. Ак же түркмөн кыпчак деп үч топко бөлгөн [11].

Ал эми казактардын курамындагы кыпчактарды негизинен кара-кыпчак, сары-кыпчак, кытай-кыпчак, кулан-кыпчак, жана тору-кыпчак деген топторго бөлүп келишет

Өзбек тарыхчысы К.Ш. Шанязов өзбектердин курамындагы кыпчактарды тогуз уруу, жети-уруу, парча-кыпчак, ак-кыпчак, кара-кыпчак, сары-кыпчак, кыпчак-сарай деп бөлөт.

Түркмөн элинин курамындагы кыпчак урууларын алили жана гаравул урууларынын курамындагы "гыпжак" деген аталыш менен белгилүү.

Ногой этнографы Р.Х. Керейтов ногойлордун курамындагы кыпчактардын (кыпшак) төмөндөгүдөй уруктарын атайт: кос-тамгалы (же кара костамгалы) кыпчак, отекайлы-кыпшак, буй-рабас-кыпчак, казанкулак кыпшак, түркмөн-кыпшак, кыпыз-кыпшак, кыпшак-кыпшак, кыпчак-кыпчак, орман-кыпшак, тик муйиз кыпшак, кытай-кыпшак, шабайлы-кыпшак, маматакай-лы-кыпшак, тизгиншекли-кыпшак, аювшы-кыпшак, ягалбай-лы-кыпшак [9].

Т.А. Жданко каракалпактардын курамындагы кыпчактарды (кыпшактар) "каглы", "алты ата", "жети коше" деген топторго бөлөт.

С.М.Абрамзон «Кыргызстандын түндүгүндө жашаган көп-чүлүк кыпчактар өздөрүнүн кайсы уруктан экендигин унутушкан. Чүй өрөөнүндөгү (Орок, Чоң-Арык) жана Ат-Башы районундагы Төш-Булак айылындагы кыпчактар өздөрүн тору "айгыр" уругуна таандык кылышат. Орок айылындагылар "кудаке", "акбото", "тосой", Чоң-Арыктагылар "тараанчы" жана "жети айгыр" деп бөлүнүшөт. Төш-Булак жана Терек (Ак-Талаа району) айылындагылар Туйгундун, ал эми Ала-Кулун (Нарын району) айылындагылар анын бир тууганы "Тайлактын" тукумдарыбыз дешет. Бардык кыпчактар өздөрүн Түштүк Кыргызстандан тараганбыз деп эсептешет» деп жазат.

С.М. Абрамзон «Өзбекстанда жашап жаткан сарт-кыпчактардын курамындагы урук аталыштары менен дал келишкен аталыштардын жоктугу, кыргыздын курамындагы кыпчактарды таптакыр өз алдынча келип чыккан болуу дегенге далил боло алат. Ошондой эле, кыргыз-кыпчактарда алардан (сарт-кыпчактардан) башка, өзүнчө келип чыгышы тууралуу ой алардын аң сезиминде катуу сакталган» дейт [12].

Ошондой эле Н.Ф. Ситняковский 1900-жылы кыргыздардын курамындагы кыпчактарды, кыргыз-кыпчак деп атап анын курамына: омонок, таз, шердэн, кармыш, тору айгыр, сакоо кыпчак, кызыл жана башка уруктарды киргизип, кыргыз-кыпчак уруусун ичкиликтердин "сол канатына" киргизген [16].

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы Фергана өрөөнүндөгү кыпчактар төрт чоң топко бөлүшкөн "кыпчактар (таза кыпчактар), кыргыз-кыпчак, кытай-кыпчак жана сарт-кыпчак" деп бөлүнгөн. Алар төмөндөгүдөй уруктардан турушкан: «кугай, бугач, күмүшай, улмас, яшык, жайдак, пучугай, элатан, бугаз, огим, таз, сирмок, жети-кашка, кутлук-сейит, черик, көк моюн, торы-айгыр, төрт-тай, табылды, чонгаракчы, чиял, кулан, ак-бура, кара-боор, башкырт, тикен, кара-тикен, сары-кыпчак, кара моюн» деп эсептешет.

Санжыра Турдубай Умар уулу жогоруда кыпчак уруктарына: "таймат, ак кыпчак, бөө кыпчак, кара кыпчак, көк кыпчак, кыргыз кыпчак, кытай кыпчак, сары кыпчак, жана сарт кыпчак уруктарын кошот". Ал эми С.Р. Саттаров кыпчак уруусунун курамын жогорудагыдай эле берип, Казакстанда, Кытай жана Өзбекстанда жашаган кыпчак уруктарынын курамын кошумчалайт [18].

Генерал Л.Г. Корнилов Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) кыпчак уруусунун "кызыл аяк-кыпчак, кара-кыпчак, тогуз кыпчак, сарт-кыпчак", уруктарынан кабар берген.

Ошондой эле тарыхчы, профессор А.А.Асанканов Чыгыш Түркстанда жашаган кыпчак уруусунун "сакоо" жана "хан кыпчак" уруктарын белгилейт. [18]

Албетте, орто кылымдардагы кыпчактар кыргыздарга, кара-калпактарга, көчмөн өзбектерге, алтайлыктарга, Кавказдагы, Эдил-Урал, Чыгыш Европадагы, Кичи Азия, Жакынкы Чыгыштагы көптөгөн элдерге да жуурулушкан. Мавераннахрда өзүн кыпчак санаган эл 1920-жылдардын башына чейин айырмалуу этнос катары катталып келген. Алардын ичинен Мусулманкул сыяктуу кокондук ири мамлекеттик ишмерлер чыккан. Чыгыштагы кыпчактар бара-бара монголдор менен кытайларга жуурулушса, Мысырга жеткендер бир нече кылымда арапташып, же осмон түрктөрүнө, ирактык түркмөндөргө жуурулушкан, ал эми Европанын чордонуна жеткен кыпчактар болсо мажарлашып кетишкен.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ал эми Француз окумуштуусу Реми Дордун Афган Памириндеги кыпчак уруусунун: "чала, колчок, мудурук, сарт" деген уруктардан турарын белгилейт.

Ошондой эле Американлык этнограф М.Н.Шахранинин маалыматы боюнча Афган Памиринде турган уруктарынын төмөндөгүдөй: "кара кыпчак, сарт кыпчак, чыла, кулчак" уруусунун курамын берет [13].

Профессор Э.Маанаев памирлик кыпчактардын: "чыла, тору айгыр, товур, баштык, көлчөк, кызыл модурчук, куу тон, келте тон (калта, кыска), бөө, жээрде, шерекей, курду, боз кайышкак деген уруктарын схемада көрсөтөт". Бул жерде көлчөк уругунун туура аталышы колчок. Аталган келте тон, куу тон, чыла, баштык, шерекей, колчок-тобур кыпчак уругунун урук бөлүктөрү, шерекей баштык урук бөлүгүнүн ичиндеги майда топ. Ал эми бөө, жээрде, курду, боз кайышкак-найман уруусунун уруктары. Демек, Памирде кыпчак уруусунун тору кыпчак, тору айгыр, тобур кыпчак уруктары турушат деген маалыматты берет.

Г.Абдрахманов жана Ж.Айдартеги китебинде Баткен районундагы кыпчактардын таралышын Кан Шырдактын санжырасы аркылуу беришет. Кан Шырдактан эки уул: Каражан жана Сарыжан. Каражандан-Кожомүшкүр, Таз, Шерден. Кожомүш-күрдөн – Жартыбаш. Сарыжандан-Жаманаӊ, Кармыш, Атыке, Омокон. Торайгыр уругун аларга теӊ ата кылып көрсөтөт. Жогоруда айтылган «кожо мүшкүр» уругун, булар «кожо-мүшкүр» деп аташып, «мүшкүр» - деген «аалым, философ» дегенди түшүндүрөт дешет. Айтылгандарга кошумча Кожомүш-күрдөн жартыбаштан башка эшмат тобу, надыр тобу, калдар тобу, казактар тобун, ал эми калдар тобуна кожомжар, атабий, дос, эркул, кankул, ак козу, кара козу урук бөлүкчөлөрүн киргизишет [19].

Кыргыздардын кыпчак уруусунун курамындагы урук аталыштары, эн тамгалары менен казак-кыпчактар, каракалпак-кыпчактар, ногой-кыпчак, башкыр-кыпчактардын курамдарындагы этнонимдер, эн тамга белгилеринин ортосунда этногенетикалык жалпылыктары бар.

Кыргыздын кыпчак уруусунун эн тамагасы С.М. Абрамзон боюнча "кыпчак тамга" - +. Ногойлордун (ак жана кара ногой) курамындагы кыпчактардын (кыпшак) тамгасы "кош тамга" – II, крым татар, башкыр жана казактардын курамындагы кыпчактардын тамгасы "кош алип"- II, мындан сырткары көрсөтүлгөн тамганынын мындай //,=,\\ варианттары кездешет. Каракалпак кыпчактарынын (кыпшак) тамгасы "алип тамгага" - I, өзбектин курамындагы кыпчак уруусунун тамгасы "кош алип тамгага" - II, ал эми алтайлык кыпчактардын тамгасы - + , бул тамга кыргыз кыпчак тамгалары менен окшош, ошондой эле алтайлык кыпчактардын ичиндеги уруктардын ар биринин өзүнчө тамгалары бар [12].

Кыргыз жана кыпчак урууларынын арасында, кылымдар бою карым-катыш, байланыштар болуп келген. Мындай байланыштар ал уруулардын ортосундагы жакындыктан улам келип чыккан деп түшүнүүгө болот. "Кыпчак" терминини айланасындагы талаш-тартыштар азыр да токтоло элек.

**Адабияттар:**


1. Бичурин Н.Я. (Иакинф) Собрание сведеней о народнах, обитавших в Средней Азии в древние времена. - Ч.I. - 1950-1953.
2. Бернштам А.Н Древние тюркские элементы в этногенезе. - Т.6-7. - М.-Л., 1947.
3. Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен. - 1897. - С. 227-456.
4. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. - М.-Л., 1959. - С. 30,34,38.
5. Кляшторный С.Г. Кипчаки в рунических памятниках. - Л., 1986.
6. Цень Чжуньмянь. Туцзюе цзиши (Сводная история тюрков). - Т.1. - П., 1958.
7. Нурбек Туран. Каӊды: санжыра жана тарых. - Б., 2014.
8. Ахимжанов С.М. Кыпчаки в истории средневекого. - А., 1999.
9. Кара: Щербак А.М. Огуз-неме. Мухабад-неме. - М., 1959.
10. Абрамзон С.М. Этнический состав киргизского населения. М.-Л., 1960. - С. 104.
11. Нурбек Туран. Тейит: санжыра жана тарых. - Б., 2013.
12. Зуев Ю.А. Ранние тюрки: очерки истрии и идеологии. - А., 2002. - С. 79.
13. Древнетюркский словарь. - Л., 1969. - С. 449.
14. Ситняковский Н.Ф. Көрсөтүлгөн эмгек. - Т.2. - Вып. 2. - С. 57-58.
15. Абдрахманов Г., Айдартеги Ж. Манас айкелинин курулуш таржымалы жана анын генеалогиялык санжырасы. - Б., 2008.